УДК:81:81.1

Жумагулова Ф.М.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# БИРГЕЛЕШИП ИШТӨӨГӨ ҮЙРӨТҮҮ - ЧЕТ ТИЛИН ОКУТУУДАГЫ ЭФФЕКТИВДҮҮ ТЕХНОЛОГИЯ

*Макалада чет тилин окутууда биргелешип иштөөгө үйрөтүү эффективдүү ыкма экендиги жана анын себептери ачып көрсөтүлдү Ошондой эле биргелешип иштөөгө үйрөтүүнүн кээ бир түрлөрү мисал катары каралып өттү.*

Биргелешип иштөөгө үйрөтүү, чакан топтордо окутуу педагогикада гумандуулукка багытталган технологияга кирет. Бул технологиянын негизги идеясы - окуучулардын ар кандай окуу жагдайларында активдүү биргелешкен окуу ишмердүүлүгүнө шарт түзүү. Окуучулар ар кандай болушат: бири мугалимдин бардык түшүндүрмөлөрүн тез кабыл алышат, лекциялык материалдарды женил өздөштүрүшөт жана алардын коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрү жогору, ал эми башка окуучуларга материалды түшүнүүгө көбүрөөк убакыт гана эмес, кошумча мисалдар, түшүндүрмөлөр керектелет. Мындай балдар бүт класстын алдында суроо берүүдөн уялышат, же алар ал материалды түшүнбөгөндүктөн, суроону туура түзө алышпайт. Эгер мындай учурда окуучуларды чакан топторго (3-4 окуучу) бириктирип, баарына жалпы тапшырма берсе, ошол тапшырманын аткарылышында ар бир окуучунун ролу белгиленсе, анда ар бир окуучунун өз ишинин жыйынтыгына гана эмес, жалпы топтун ишинин жыйынтыгына жооп берүүчү жагдай пайда болот. Ошол учурда начар окуган окуучулар күчтүү окуучулардан өзүлөрүнө түшүнүксүз болгон суроолорду түшүнүүгө аракеттенишет. Ал эми күчтүү окуучулар топтун ар бир мүчөсү, ошонун ичинен начар окуучулардын толук түрдө материалды өздөштүрүшүнө кызыкдар, ошол менен бирге күчтүү окуучу өзүнүн ошол суроого болгон жеке түшүнүүсүн текшерүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ушундай биргелешкен аракеттин негизинде маселелер чечилет. Бул биргелешип иштөөнүн жалпы идеясы. Өзүнүздүн окуучуларга жаңы грамматикалык материалды тааныштырып жатканыныязды элестетиниз. Түшүндүрүүгө бөлүнгөн убакыт деле анча көп эмес. Ушул эле учурда жаңы грамматикалык түшүнүктүн туура кабыл алынышы өтө маанилүү. Анткени окуучунун кийинки кабыл алуусу көптөн-көп ошондон көз каранды. Ошол себептен болжолдонгон аракеттердин негизин түзүүчү практиканы уюштуруу зарыл. Мындай практика, оозеки же жазуу түрүндө болобу, топтун ар бир окуучусуна керектелет. Эгер окуучулар бири-биринен алыстыкта иштешсе, анда начар окуучулардын тапшырманын так ушундай түрдө аткарылышын түшүнбөй калуу коркунучу бар. Эгер иш индивидуалдуу түрдө уюштурулса, анда окуучулар жаңы материалды өз алдынча талдай албай калышат. Ал эми 3-4 окуучудан турган ар бир топто, сөзсүз түрдө, күчтүү, орто жана начар окуучулар бар болсо, топко берилген тапшырманы аткарууда окуучулар ошол топтун ар бир мүчөсүнүн ишинин ийгиликтүү же ийгиликсиз болушу жалпы топко таасир тийгизген жагдайга учурашат. Ошондой эле жалпы тапшырманын аткарылышына бир топко бир гана баа коюлат. Бул бир гана балл түрүндөгү белгилөө болушу зарыл эмес.

Биргелешип окутуунун негизги идеологиясы Джон Хопкинс университетинин, Миннесота штатынын университетинин жана Калифорния штатынын университетинин Дж.Аронсондун тобунун педагогдору тарабынан толук иштелип чыккан.

Албетте, андан бери биргелешип окутуу дүйнөнүн көп мамлекеттеринин педагогдорунун аракеттери менен өнүгүп келе жатат. Биргелешип окутуунун өзү, негизинен, өтө гумандуу, ошондуктан ал шарттуу түрдө педагогикалык. Бирок анын ар кайсы мамлекеттин варианттарында көрүнүктүү өзгөчөлүктөрү бар.

Биргелешип иштөө жеңил жана кызыктуу гана эмес, ал эффективдүүрөк экендигин дагы практика өзү көрсөтүүдө. Ушул эффективдүүлүк окуучулардын окуу жетишкендиктерине жана интеллектуалдык өнүгүшүнө гана эмес, алардын нравалык

өнүгүшүнө тиешелүү экендиги өтө манилүү. Досуна жардам берүү, бардык маселелерди бирге чечүү, ийгиликтин кубанычын же кайгынын ачуусун тен бөлүшүү күлгөндөй, ырдагандай, жашоого кубангандай  эле шарттуу болуп калат.

Биргелешип окутуунун негизги идеясы – бир нерсени жөн гана бирге аткаруу эмес, ал - бирге окутуу болуп саналат.

Биргелешип  окутуунун ар кандай варианттары бар. Мугалим өзүнүн практикасында бул варианттарды чеберчилигине жараша ар түрдүү формада колдонсо болот. Бирок мугалим биргелешип окутуунун негизги принциптерин, сөзсүз, так аткаруусу зарыл. Окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, топтор мугалим тарабынан сабакка чейин түзүлөт. Ошол эле учурда топто күчтүү, орто, начар окуучулар кыздар жана балдар болушу зарыл. Эгер бир катар сабактын аралыгында топ ынтымакта, уюшулган түрдө иш алып барса, ал топтун курамын өзгөртүүнүн зарылчылыгы жок. Эгер бир катар себептердин негизинде топтун иши жакшы жүрбөсө, топтун курамын сабактан сабакка өзгөртүп турса болот.

Топко бир тапшырма берилет,  анын аткарылышында топтун катышуучуларынын арасында ролдун бөлүштүрүлүшү каралат (ролдор, негизинен, окуучулар тарабынан бөлүштүрүлөт, бирок кээ бир учурларда мугалим өз сунушун киргизсе болот); мында бир гана окуучунун эмес, жалпы топтун иши бааланат (башкача айтканда, жалпы топко бир гана баа коюлат). Бул учурда окуучунун билими гана эмес, анын аракети да бааланат. Ошол эле учурда окуучулардын өзүлөрүнө өз эмгегин баалоо мүмкүнчүлүгүн берсе да болот. Мугалим топтун ичинен тапшырмага жооп берүүчү окуучуну өзү тандайт. Айрым учурларда  начар окуган окуучу болушу мүмкүн. Эгер начар окуган окуучу жалпы иштин жыйынтыгын негиздүү түрдө айтып, башка топтордун суроолоруна жооп бере алса, анда коюлган максат ишке ашып,  топ өзүнүн тапшырмасын толук аткарган болот, анткени жалпы тапшырманын максаты - анын жөн гана аткарылышында эмес,  топтун ар бир мүчөсүнүн материалды өздөштүрүүсүндө.

Биргелешип окутуунун кээ бир түрлөрүн карап өтөлү.

1. Топто окутуу. Бул ыкма «топтун максатына» жана ал ар бир топтун бир мүчөсүнүн теманын үстүндө иштөөсүндө өз алдынча иш алып баруусу менен бирге бир топтун башка мүчөлөрү менен дайыма карым-катнашта болушунун негизинде жеткен топтун ийгилигине өзүнчө көнүл бурат. Ошол себептен, ар бир окуучунун керектүү билимди өздөштүрүшүн жана ар бир окуучунун эмнеге жетишкендигин билүү ар бир окуучунун маселеси болуп калат.

Кыскача айтканда, STL (топто окутуу) үч негизги принциптен турат:

а) «сыйлыктар» - жалпылашкан ишмердүүлүгүнө бардык топтор баллдык түрүндөгү баа, сертификат, өзгөчөлөнүүчү белги, мактоо жана баанын башка түрлөрүн алышат. Топтор бири-бири менен жарышпайт. Анткени ар бир топтун өз «деңгээли» жана ал деңгээлге жетүү убактысы бар.

б) жалпы топтун ийгиликтүү же ийгиликсиз иш алып баруусу ар бир топтун ар бир мүчөсүнүн жетишкендиктеринен же жетишпегендигинен көз каранды экендигин ар бир окуучунун «индивидуалдык» жоопкерчилиги шарттап турат. Бул топтун ар бир мүчөсүн бири-биринин жетишкендиктерин көзөмөлдөөгө жана жалпы топтун өз курбуларына түшүнүүдө жана өздөштүрүүдө жардамга келүүгө стимулдаштырат.

в) өзүнүн мурунку натыйжаларын жакшыртуунун негизинде ар бир окуучу өз тобуна упай алып келиши  ар бир окуучунун ийгиликке жетүүдөгү бирдей мүмкүнчүлүктөрү менен түшүндүрүлөт. Ошол себептен салыштыруу ошол же башка топтун окуучуларынын жыйынтыктары менен эмес, мурда жетишкен жеке жыйынтыгы менен жүргүзүлөт. Бул алдыга озгон, орточо жана артта калган окучуларга өзүнүн тобуна упай алып келүүсүнө мүмкүнчүлүк берет. Анткени орто жана начар окуган окуучулардын мурунку зачет, экзамен жыйынтыктарын жакшыртууга болгон аракетинин негизинде алар өз тобуна бирдей упай алып келиши мүмкүн. (Дж. Хопкинс университетинде жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй). Ал аларды өзүлөрүнүн тобунун толук укуктуу мүчөсү катары сезишине түрткү берип, өзүлөрүнүн жеке денгээлин жогорулатууга болгон каалоосун стимулдаштырат.

2. Биргелешип окутууну уюштуруунун башка ыкмасы профессор Е.Аронсон

тарабынан 1978-жылы иштелип чыгып, "Джигсоу" аталышына ээ болгон (сөзмө сөз которулушунда «араа» дегенди билдирет). Педагогикалык практикада мындай ыкма кыска түрдө «араа» деп аталат. Бөлүктөргө (логикалык же маанилик) бөлүнгөн окуу материалынын үстүндө иштөө үчүн окуучулар 4-6 баладан топторго уюштурулушат. Англис тил сабагында мындай иш тилдик материалдын чыгармачыл колдонулуш этабында уюшулат. Мисалы, «Саякат» темасы менен иштөөдө бир канча ар түрдүү кичи темаларды бөлүп караса болот: суу аркылуу, учак, поезд, жөө жана унаа менен саякаттоо. Бардык топтор саякаттын бир түрүн негиз катары алуу менен, башка белгилери боюнча өзүнчө кичи темаларды бөлүп алса болот: маршрутту тандоо, билетке заказ кылуу, багажды топтоо, мейманканага заказ кылуу жана ушул сыяктуулар. Топтун ар бир мүчөсү өзүнө тиешелүү бөлүк боюнча материал табат. Андан сон, бир эле суроону изилдеп жаткан башка-башка топтордогу окуучулар ошол суроонун эксперттери катарында кезигишип, маалымат алмашышат. Бул «эксперттердин кезигишүүсү» деп аталат. Андан соң алар өз топторуна кайрылып келишип, өзүлөрү үйрөнүп келген нерселерин топтун башка мүчөлөрүнө үйрөтүшөт. Алар, өз учурунда, тапшырманын өзүнө тиешелүү бөлүктөрү боюнча айтып беришет. (бир арааның тишчелериндей). Албетте, пикирлешүү толугу менен англис тилинде жүргүзүлөт. Ар бир бөлүктүн материалын өздөштүрүп, ошонун негизинде саякат тууралуу маалымат даярдоонун жалгыз бир жолу - топтун башка мүчөлөрүн кунт коюп угуу жана дептерге жазмаларды түшүрүү. Мугалим тарабынан мындан башка эч кандай аракет талап кылынбайт. Курбуларынын алдына коюлган маселелерин жоопкерчиликтүү аткарышына ар бир окуучу өтө кызыкдар. Себеби ал жыйынтыктоочу баага таасирин тийгизиши толук мүмкүн. Бардык кичи темалар боюнча ар бир окуучу өз алдынча жана жалпы топ бирге жооп берет. Жыйынтыктоочу этапта мугалим ал топтун каалаган окуучусуна тема боюнча каалаган суроо бере алат. Ошондой эле суроону бир гана мугалим гана эмес, башка топтордун мүчөлөрү да бериши мүмкүн. Бир топтун окуучулары өзүнүн курбусунун жообун өзүлөрү керек деп эсептегендей толуктоого укуктуу. Толуктоолор жалпы зачетко кошулат. Ошондой эле башка топтордун суроолору ошол топтордун зачетуна кошулат. Ошол себептен, талкуулоону упай топтоо ыкмасына айландырып жибербөө үчүн акыркы жыйынтыгын гана жарыялоо менен мугалим упайлардын эсебин жүргүзүп турат. Бул толук түрдө кадимки талкуулоо болушу керек. Мугалим окуучулар өздөрү талкуулоо жүргүзө албаган учурларда гана түрткү берип турушу керек.

1986-жылы Р.Славин бул ыкманын «Араа-2» модификациясын иштеп чыккан. Анда топто 4-5 баланын иши каралат. Топтун ар бир мүчөсү жалпы теманын бир бөлүгүн алуунун ордуна жалпы топ бир гана материалдын үстүндө иштешет (мисалы: «Саякат» темасынын негизги тексти менен таанышуу). Бирок ошол эле учурда топтун ар бир мүчөсү өзүнүн кичи темасын алып, аны өзгөчө кылдаттык менен иштеп чыгып, ошол теманын эксперти болот. Ар кайсы топтордун эксперттеринин кезигишүүсү ошол бойдон кала берет. Циклдин соңунда бардык окуучулар индивидуалдык текшерүүдөн өтүшөт. Ошонун негизинде баа коюлат. Окуучулардын жыйынтыктары кошулуп, эң жогорку упайлардын суммасына ээ болгон топ сыйланат.

«Бирге окуйбуз» Миннесота штатынын университетинде 1987-жылы Д.Джонсон жана Р.Джонсон тарабынан иштелип чыккан. Класс 3-4 баладан турган бирдей (деңгээлине жараша) топторго бөлүнөт. Ар бир топ бир тапшырма алат жана ал жалпы класс иштеп жаткан теманын кандайдыр бир тапшырмасы болот. Мисалы: жалпы класс ошол эле «Саякат» темасында иш алып барууда. Бардыгы саякаттын маршрутун жана түрүн ойлоп чыгууда. Ошондо ар бир топко өз бөлүгүн даярдоо тапшырмасы берилет: маршруттун акыркы чекитине туристтердин жана официалдуу делегациянын келишинин программасын иштеп чыгуу; бардык топко мейманкана жана билет заказ кылуу; багаж даярдоо жана ушул сыяктуулар. Өзүнчө топтордун биргелешкен ишинин жана жалпы топтордун ишинин негизинде жалпы материалдын өздөштүрүлүшү болот. Иштин жүрүшүндө деталды тактап, өз варианттарын сунуштап, бири-бирине суроо берип, коллективдүү талкуулоо процессинде топтор бири-бири менен пикир алмашышат. Темага тиешелүү болгон толук лексика мурдагы сабактарда жүргүзүлгөн иштерде өздөштүрүлүшүн эске алуу керек. Ошондуктан ушул темада кептик практика жана

коммуникативдик ишмердүүлүк жөнүндө сөз болууда. Негизги принциптер: жалпы топко сыйлыктар, индивидуалдуу мамиле, бирдей мүмкүнчүлүктөр.

Ар бир окуучунун жетишкендиктерине жараша топ сыйлыкка ээ болот. Ошондуктан бул учурда да топтордун тапшырмалары оордугуна жана көлөмүнө жараша айырмаланат. Топтун ар бир мүчөсүнүн активдүү катышуусу сөзсүз түрдө негизги талап бойдон калат. Бирок ар бир окуучунун мүмкүнчүлүгүнө жараша болот. Бул ыкманын иштеп чыгуучуларынын ою боюнча, мугалимдердин көңүлүнүн көпчүлүк бөлүгү топторду түзүү маселесине (ар бир мүчөнүн индивидуалдык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен) жана ар бир конкреттүү топко тапшырманын аткарылышында гана эмес, жалпы топтун биргелешкен ийгиликтүү ишиндеги топтун ар бир мүчөсүнүн ролун окуучулар өз алдынча аныкташат: жалпы маселени чечүүдө топтун ар бир мүчөсүнүн активдүүлүгүн жана топтун ичиндеги пикирлешүү маданиятын көзөмөлдөө; аралык жана жыйынтыктоочу натыйжаларды түшүрүү; ошол натыйжаларды текшерүү. Ошол себептен, башынан эле топ 2 маселеге туш болушат: бир жагынан, академиялык кандайдыр бир таанып-билүү жана чыгармачыл максаттарга жетүү, экинчи жагынын, социалдык, тагыраак айтканда, социалдык-психологиялык тапшырмаларды аткарууда кандайдыр бир анык пикирлешүү маданиятынын ишке ашышы. Биринчиси да, экинчиси да бирдей манилүү. Мугалим окуучулардын бир гана окуу жетишкендиктерин көзөмөлдөбөстөн, сөзсүз түрдө алардын өз ара пикирлешүү ыкмасын (албетте, чет тилинде) жана бири-бирине жардам берүү ыкмасын да көзөмөлдөйт.

Биргелешип окутуу технологиясы боюнча окуу ишмердүүлүгүн уюштурууда жекече өз алдынча иш коллективдин ишинин баштапкы элементардык бөлүгү болуп калат. Ал эми анын жыйынтыгы, бир жагынан, топтук жана коллективдик иштин жыйынтыгына таасир этсе, экинчи жагынан, өзүнө топтун башка мүчөлөрүнүн жалпы коллективдин жыйынтыгын камтыйт. Ар бир окуучу жыйынтыктарды бириктирүүдө аларды талкуулап, бир чечимге келгенде же окуучулардын жалпы топтун аракетинин негизинде алган билимдерин колдонуу менен жаңы тапшырманын үстүндө иштөөдө, топтун жана коллективдин ишинин жыйынтыгы менен колдонот.

Топту түзүп, аларга туура келген тапшырманы берүү жетишээрлик эмес экендигин белгилеп кетүү зарыл. Ушунун негизин окуучунун өзүнүн билим алууну каалоосу түзөт. Ойчулдардын мындай сөзү бар: «Мен төөнү суу жээгине алып барып коё алам, бирок мен аны суу ичирүүгө мажбурлай албайм!». Ошондуктан, окуучулардын өз алдынча окуу ишмердүүлүгүн мотивациялоо проблемасы уюштуруу ыкмасы, тапшырманын үстүндө иштөө шарты жана методикасынан манилүүрөк. Бирок дал ушул биргелешкен иш таанып-билүү ишмердүүлүгүнө жана коммуникацияга эң сонун стимул берет. Анткени бул учурда дайыма курбуларга ишенсе болот.

Бул жерде көрсөтүлгөн варианттардын негизги идеялары максаттын жана маселелердин бирдиги, индивидуалдык жоопкерчилик жана ийгиликтин бирдей мүмкүнчүлүктөрү ар бир окуучуга багыт алууга шарт түзөт. Мына ушул нерсе класстык-сабактык система шартында инсандык багыттоочу ыкма болуп саналат.

Иш жүзүндө, бул – пикирлешүү процессиндеги окутуу, окуучунун бири-бири менен пикирлешүүсү, жогоруда айтылгандай, сөзсүз түрдө чет тилинде жана ошондой эле окуучулар менен мугалимдин пикир алышуусу. Анын негизинде абдан керектүү байланыш пайда болот. Бул социалдык пикирлешүү, себеби окуучулар пикирлешүүнүн жүрүшүндө кезектешип ар кандай социалдык ролдорду аткарышат: лидердин, аткаруучунун, уюштуруучунун, жооп берүүчүнүн, эксперттин, изилдөөчүнүн ж.б.у.с. Албетте, чет тили сабактарында биргелешип окутууну колдонуудагы эң оор нерсе бул – окуучулардын кичи топтордо бири-бири менен пикирлешүүсү. Мугалимдин жетиштүү көңүл бөлүүсүндө, эгер окуучулар эне тилинде пикирлешсе, анда мугалимдин жыйынтыкты жарыялоодон баш тартуу талаптары коюлса, алгач бул талаптар оорчулук менен аткарылса, практика көргөзгөндөй ал каалоо менен аткарыла баштайт.

Ошондой эле мугалим да окуу процессинде жаңы маанилүү ролго ээ болот. Ал роль окуучулардын таанып билүү, коммуникативдик, чыгармачыл ишмердүүлүгүн уюштуруучу роль. Анда ал окуу ишмердүүлүгүн салыштыруу, биргелешкен ишмердүүлүк процессинде окуучулардын кептик жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуудагы инсан аралык коммуникация жөндөмдүүлүктөрүн колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болот.

Дагы бир нерсени дагы эске алуу зарыл. Заманбап билим берүүдө көпчүлүк басым маалымат менен иштөөгө коюлууда. Уламдан улам окуучуларга өз алдынча кошумча материал табуу, алган информациясын критика менен кабыл алуу, жыйынтык чыгара билүү, фактыларды колдонуу менен аларды аргументтөө, пайда болгон маселелерди чечүү маанилүү болууда.

Чет тилиндеги маалымат менен иштөө, өзгөчө, глобалдык тармак интернет ачып берген мүмкүнчүлүктөрдү эске алсак, өтө актуалдуу болуп келүүдө. Бул бир гана чет тил сабактарында гана ээ болгон интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөр эмес. Бул жерде мугалимдин жардамы так ушундай ишмердүүлүктүн түрүнө багытталган ыкмаларды тандап жана колдонуусунда туюнтулат. Биргелешип иштөөгө үйрөтүү так ушундай жөндөмдүүлүктөрдү түзүү жана ошондой эле бир нече оорураак маалымат менен иштөө ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө даярдоого жардам берет, мисалы, проективдүү метод менен иштөөдө.

**Адабияттар:**


1. Гальскова Н.Д., Гез Н.И. Теория обучения иностранным языкам. – Москва, 2006.
2. Колкер Я.М., Устинова Е.С. Практическая методика обучения иностранному языку. – Москва, 2000.
3. Гальскова Н.Д. Современная методика обучения иностранным языкам. - Москва, 2000.
4. Бабинская П.К., Леонтьева Т.П. Практический курс методики преподавания иностранных языков. – Минск, 2003.
5. Латышева Л.К., Семёнов А.Л. Теория, практика и методика преподавания. - Москва, 2003.
6. Рогова Г.В., Рябинович Ф.М. Методика обучения иностранным языкам в средней школе. – Москва, 1991.
7. Саалаев Ө. Окутуунун интерактивдүү усулдары. – Бишкек, 2003.